ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы
КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН

# ЖАРЧЫСЫ
# ВЕСТНИК

КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО
УНИВЕРСИТЕТА имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

2013



ISBN 9967-21533X

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ
ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ЖУСУП БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНИН ЖАРЧЫСЫ

# ВЕСТНИК КЫРГЫЗСКОГО НАЦИОНАЛЬНОГО УНИВЕРСИТЕТА имени ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА

**2013**

**ПЕДАГОГИКАЛЫК КАДРЛАРДЫ МАКСАТТУУ
ДАЯРДОО ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ЦЕЛЕВОЙ ПОДГОТОВКИ
ПЕДАГОГИЧЕСКИХ КАДРОВ**

***Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин
80 жылдыгына арналат
Посвящается 80-летию Кыргызского национального
университета имени Ж. Баласагына***

**"Борбордук Азияда педагогикалык кадрларды даярдоонун теориясы жана практикасы" аттуу II эл аралык илимий-практикалык конференция**

**II международная научно-практическая конференция "Теория и практика подготовки педагогических кадров в Центральной Азии"**

**ВЫПУСК 1**
**ISBN 9967-21533X**

**ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**

заверяю

*Бийназарова Н. С.* Коммуникативные способности: основные теоретические подходы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 207

*Бақытқызы П.* Экологиялық бағытта жүргізілетін ғылыми жұмыстардың оқушыға әсері. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .210

*Бурханова Н.* Туған табиғатты аялайық. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 213

*Бекназарова Ш.С., Жангабулова Т.С.* Мектептегі экологиялық білім беру. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 214

*Гыска Т. П.* Новый подход к методике преподавания парадигмы глагола в испанском языке на начинающем уровне. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 218

*Гулия Әлихан қызы* Студенттермен қытай тілінен бір сағаттық сабақ жүргізу барысында назар аударатын мазмұндар. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .224

*Гудимова А.Н, Кулуева С.С.* Педагогические средства формирования мотивации учения у будущих учителей. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 227

*Гудимова А.Н., Кулуева С.С.* Повышение уровня мотивации учения - условие формирования у студентов ключевых компетенций. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 233

*Дильмагамбетова Г.А., Наурызбаева А.М.* Оқыту мен тәрбие егіз. . . . . . . . . . . 236

*Дуйсембаев Т.Н.* Комплексный подход в оценке психологической готовности высококвалифицированных борцов вольного стиля к соревнованиям. . . . . . . . . . 233

*ДубирбековаҚ. Ш.* «Жасыл мектеп» жобасы арқылы оқушылардың функционалдық сауаттылығынарттыружолды. . . . . . . . . . . . . . . .243

*Джумагулова Дж.* Англис тил сабагын өтүүдө оюндардын колдонулушу. . . . . . 246

*Джакупова З.А.* Использование технологии проектного обучения на уроках русского языка и литературы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 253

*Есназарова У.А. Орынбек Б.А.* Актуальность использования активных форм обучения при изучении географии населения. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 256

*Есназарова Ұ.Ә. Жунусбаева М. Т. Жакупов А. А.* Картографияны ғылым және практикалық қолданысқа енгізудің даму перспективасы мен жаңашылдық құрылымы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 260

*Еденбаева З.Д.* Мектеп жасына дейінгі тәрбие мәселесіндегі инновация. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 263

*Ерменбетова Г.О. Жакыпбекова М.Б.* Үздік білім беру жүйесінде педагогикалық қызметкерлердің кәсіби құзырлылығын арттырудың жолдары. . . . . . . . . . . . . . 267

*Жумабаева М.Д.* Окуу портфолиосунун философиясы. . . . . . . . . . . . . . . . . . 270

*Жумабаева М.Д.* Мугалимдин профессиограммасы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 275

*Жолдошова Б.А.* Креативдүүлүктү өнүктүрүүнүн жолдору. . . . . . . . . . . . . . 279

*Жаанбаева М.* Кыргыз тили сабагында текстти колдонуунун филологиялык айрым маселелери. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 283

*Жайтапова А.А.* Опыт полиязычного образования в Республике Казахстан. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 287

*Жакишева К.Б. Нұрғазы Г.Н.* Халықтық педагогика арқылы халықаралық білім беру кеңістігіне ену. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .291

*Жумабекова Н. Ж.* Роль инвестиции в развитие человеческого капитала в условиях трансформации системы высшего образования. (Кыргызстан) . . . . . . . . . . . . . .295

*Жунушалиева Г. И.* Некоторые особенности психологического портрета современных студентов. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 304

*Жунус Н.Г. Тусупова Н.Д.* «Халықаралық инновациялық білім беру жобасына қатысушы мұғалімдердің қашықтықтан оқыту технологиясы арқылы құзыреттілікті педагогиканы игеруі». . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .307

*Исакова Ж.Ж.,* Магистратуранын көп максаттуу (көп тармактуу) мүнөзү. . . . . . . .310

*Ишекеев Н.Ж.* Тил – зарылдыктардын системасы. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 313

4. Тыкандык
5. Сылыктык
6. Жөнөкөйлүк
7. Мээримдүүлүк
8. Адилеттик
9. Талапкердик
10. Предметин билүүсү
11. Түшүндүрүүсү
12. Окута билүү
13. Сезгич
14. Ак ниеттүү
15. Адептик тазалыгы
16. Окуучуларга ишеними
17. Жүрүм-туруму
18. Авторитети (кадыр-баркы)
19. Кечиримдүүлүк
20. Чыдамкайлык

Жыйынтыктап айтканда,профессиограммалык метод студенттин өздүк жана профессионалдык өсүүсүн шарттоо менен, өзүн – өзүн тарбиялоонун бирден бир жолу болуп да эсептелет.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:

1. Профессиограмма учителя иностранного языка
отв.ред.С.Ф.Шатилов, К.И.Соломатов, Е.С.Рабуновский.-Л.: ЛГПИ,1985
2. Руднева Т.И. Основы педагогического профессионализма, Самара: СИУ,1996
3. Словарь лингвистических терминов./Сост. О.С.Ахманова.
-М.: Советская энциклопедия, 1969
4.Теоретические основы подготовки учителей иностранного языка средней школы/ отв.редактор Пицкова Л.П.,М.:МОПИ, 1989
5. Воробьёва И.Е. Содержание и структура понятия «лингвострановедческая компетенция учителя иностранного языка» www.pomorsu.ru
6. Непокрытых Н.И. Профессиографический метод как способ вхождения в педагогическую деятельность www.pomorsu.ru
7.Сластенин В.А. Педагогика: Учебное пособие для студентов высших педагогических учебных заведений / В.В. Исаев, Е.Н. Шиянов; Сластенин В.А. - М.: Академия, 2002. - 576 с.
8.Белкин А.С. Силина С.Н. Профессиографический мониторинг подготовки специалиста в системе высшего педагогического образования. Вып. 4. Шадринск, 1999

***Жолдошова Б.А.***
*И. Арабаев атындагы КМУнун*
*педагогика кафедрасынын*
*окутуучусу (Кыргызстан)*

## КРЕАТИВДҮҮЛҮКТҮ ӨНҮКТҮРҮҮНҮН ЖОЛДОРУ

Ылдам өзгөрүүлөрдүн шартында коомдун өнүгүшүнүн бардык баскычында чыгармачыл, жемиштүү, жеңил адаптацияланууучу инсан талап кылынууда. Демек, азыркы билим берүү системасынын бирден бир милдети ар кандай турмуштук кырдаалдарда өз иш аракетинин методикасын түшүнүктүү түзө билүүгө жөндөмдүү креативдүү инсанды өнүктүрүүдө турат. Бул сөз бүгүнкү күндө көпчүлүгүбүздүн



Подпись
Ученый секретарь
КГУ им. И. Арабаева

кебибизде айтылып жүрөт. Биз креативдүү адамдарга суктанабыз, креативдүү кызматкерлерге компаниялар да кызыгып, «аңчылык» кылышат, бул сапат көпчүлүк таржымалдарда (резюмелерде) кездешет. Эмне үчүн ал бүгүнкү күндө ушунчалык талап кылынууда жана да эмнени креативдүүлүк деп эсептесек болот?

Креативдүүлүк – биздин чыгармачылыкка болгон жөндөмүбүз. Ал илимдеги, маданияттагы, бизнестеги, саясаттагы жаңы идеялар менен мамилелердин формасында, бир сөз менен айтканда, конкуренция өнүккөн жашоонун бардык динамикалык тармактарында ишке ашат. Муну менен анын коом үчүн баалуулугу аныкталат. «Креативдүүлүктөгү эң маанилүү нерсе – өзүңдү жакшыртуу, болгондо да жандандырылган жакшыртуу», – деп жазат психолог Марина Хазанова. Бардык эле чыгармачылык өздүк баалуулуктарга жетишүүгө, инсандык мазмунду табууга жардам берет. А бул болсо бизди бардык жандуу нерселерден айырмалап турган өтө маанилүү акыл ой жүгүртүүчүлүк, керектүүлүк.

Бүгүнкү күндө биздин арабызда бош убактысында чыгармачылык менен машыккан – ырдоо, бийлөө же чопо менен иштөөгө жана башка убакыт тапкан адамдар өтө көп санда. «Көпчүлүк адамдар азыр акча табууга көп көңүл бурушат, бирок иш дайыма эле өзүңдү көрсөтүүгө мүмкүндүк бербейт», – деп бул тенденцияга психолог Рада Грановскаянын айтканына көңүл бурабыз. Ал эми биз үчүн өзүн-өзү сыйлоону ишке ашыруу жана жөндөмдүүлүк – башкы ишмердүүлүктүн муктаждыктарынын бири. «Өзүбүздөгү чыгармачылыкты ойготуп, биз өзүбүз өзгөрөбүз жана жашообузду өзгөртөбүз: Эгер бул кадамды жасасак, жашоодо ишенимдүү жана туруктуу адамга айлана алабыз. Чыгармачылык жактан өзүн көрсөтүүнүн, анын ичинде негизги ишиндеги жаңы мүмкүнчүлүктөрүбүздү көрө баштайбыз. Же өзүбүздүн мүмкүнчүлүктөрүбүздү ишке ашыруу үчүн башка жумуштарды караштыра баштайбыз.

Бардык биздин чыгармачылык жөндөмдөрүбүз тубаса деп ойлоо тура эмес. «Креативдүүлүк чыгармачыл иштеги сабактарда жана окутууда өнүгөт», - дейт М.Хазанова. Бирок, башкысы – мотивация. Талаанын теориясын куруу же куурчактын үйүн салуу сыяктуу креативдүү инсан чыгармачылыкка болгон ички каалоону сезинүүдөн көрүнөт. Дүйнөнү элестетүү жана билим гана эмес дал ушул биздин кызыгуубуз да ким болгубуз келсе ошондой болууга көмөк көрсөтөт. Адамдардын тобу үч ар түрдүү ролду ойноо менен идеяны талкуулашат: кыялкечтин (идеяларды оргуштатышат), «реалисттин» (идеяны кантип ишке ашырыш керектигин айкын кылышат), жана сын (идеянын иш жүзүнө ашышын баалашат жана анын таанылуу жерлерин белгилешет). Бул методду Уолт Дисней өз фильмдерин жаратууда колдонгон. Чоң барактын борборуна башкы проблеманы графикалык түрүндө белгилешет. Андан дарактын сөңгөгүнүкүндөй бутактарды идеяга байланыштырып тартышат. Андан соң бул «ассоциациялардын дарагы» алдыга коюлган тапшырмаларды чечүү үчүн канчалык зарыл болсо ошончолук жайылып өсө турганын көрөбүз. Көйгөйдү аягынан башына чейин оодарышат. Суроо мындай коюлат: максатка жетүү үчүн эмне кылышыбыз керек? Экинчи этапта бардык жыйналган идеялар карама-каршылыкка өзгөрүлөт.

Креативдүүлүктүн жаратылышы дагы деле сыр бойдон калып жаткандыгын байкоого болот. Окумуштуулар бизге эки гипотезаны сунушташат, алардын ар биринде чындыктын үлүшү бар сыяктуу. Биринчисинде креативдүүлүк – укумдан-тукумга өтүүчү талант, экинчи идеяда - чыгармачыл ой жүгүртүү ДНКнын түзүлүшүнө көз крандысыз, баланы тарбиялоодогу жашоонун жалпы атмосферасы, чөйрөсү, маданияты башкы ролду ойнойт деген пикирлер айтылат. Креативдүүлүк дегенибиз – бул чыгармачыл жаркыроонун деңгээли, принципиалдуу жаңы идеяларды жаратууга жөндөмдүүлүк, сейрек учуроочулук жана салттан кетүү. Креативдүүлүк ой жүгүртүү ишмердүүлүгүнүн тиби, өтө күтүүсүздөн, ар кандай куракта пайда болуучу чыгармачыл багытталыш. Ар бир адам жаш курагына көз карандысыз өзүндө чыгармачыл ой жүгүртүүнүн өркүндөшү, жаңыча көз караштa кырдаалга кароо жөндөмүн уюштурууга, идеясын жеңил жана ийкемдүү алмаштырууга болот деген

ойлорго таянабыз. Өз кругозорубузду кеңейтүү, көргөзмөлөргө баруу, жаңы хоббилерди ойлоп табуу, ашканада рецепттерди фантазиялаштыруу, жаңы китептерди окуубуз, жаңы фильмдерди көрүү жана аларга сунуштарды ойлоп табуу чыгармачылык менен иштөөбүздүн элементтери десек туура болчудай.

Эгерде бала үч жашында скрипкада ойной албаса да жана үч тил билбесе да, ал бай элестетүүгө, кеңири кабылдоого ээ боло алат жана нерселерге көнүмүш көз караштан жана штамптардан качат. Бөбөк менен жаңыча иштөөдө, пластилинден камырга, кагаз аппликациялардан кездемелерге өтүүбүз, ага жетишерлик эркиндик, өз алдынча чечим чыгарууга, түстүү, фигураларды жана башка тандоого мүмкүнчүлүк берүү керек. Ал бала чагынан эле биз тараптан кубатталган күчтүү идеяларды жаратууга үйрөнүүсү керек. Адамдар дайыма чечим чыгарып турат. Кээ бир оор тапшырмаларда үстүрт жоопторду беришет, ал эми математика боюнча теңдемелерди чыгарууда кандайдыр бир сандарды билүү зарыл эмес, бул чыгаруу тамга болушу да мүмкүн экендигин «ойлонбой туруп» билишет. Мындай новаторлор компромиссти оңой табышат жана альтернативдик тизмектен жоголушпайт. Болуп жаткандарды ар тараптан көрүү биздин жашоого жөндөмдүүлүктү көтөрүүчү жана стресстик кырдаалдарга карама-каршы туруучу факторлордун бири болуп эсептелет. Креативдүүлүк бир канча өзгөчөлүктөрдү айырмалайт. Бул деген предметке мүмкүнчүлүктөрдү башкача түшүнүү жөндөмдүүлүгү, аны жаңы сапатта колдонууну.

Чыгармачыл, креативдүү ой жүгүртүүгө ээ адам чечимдердин өзүндөгү бардык вариантын жана максатка жетүүдөгү алардын таасирин ачык түшүнө алат, жаңы стилге тез келе алат, аң-сезимин «оодарат», жалпы кабыл алынган догмалардан качуу менен түзүлө элек нерселерди түзүүгө умтулат. Өзүндө инсандык өнүгүүнү гана алып жүрбөстөн, бүтүндөй бир маданиятты түзүүгө жөндөмдүү болот. Маалыматсыз инсан бүгүн модада эмес экендигин коомчулук түшүнө баштады. Креативдүүлүктүн актуалдуулугун ишке орноштуруу боюнча анкетадан, карьералык өсүштөн, жашоодогу умтулуулардан көрө алабыз.

Баланын мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүүнүн чеги жок болгон сыяктуу эле, адамдык мыктылыктын да чеги жок. Креативдүүлүктү оюндар баланы жадатпайт. Бөбөккө өзгөчө кароого мүмкүнчүлүк берет.

Ушул себептүү креативдүүлүктүн жогорку көрсөткүчтөрү балдарда интеллекттин төмөндөшү жана жетишкендиктердин жогорку мотивдери менен көп ирет белгиленүүдө, бул чындыгында психологиялык коргонуу жана компенсатордук механизмди күбөлөндүрөт. Көпчүлүк эмгектерде (айрыкча В.Н.Дружининде ) жогорку оригиналдуулук инсандын невротизацияланышы жөнүндө күбөлөндүрө тургандыгын белгилөөгө болот.

Чыгармачыл процесс жөнүндө Л.В.Выготский: "Чыгармачылык ишмердүүлүк" деп биз кандайдыр бир жаңы нерсени түзгөн, мейли сырткы дүйнөнүн кандайдыр бир нерсеси чыгармачылык ишмердүүлүктөн, же адамдын өзүндө жашаган акыл менен сезимдин белгилүү курулушунан жаралган ишмердүүлүктү айтабыз. Жыйынтыгында анын мурдагы тажрыйбасындагы таасирлердин жана кыймылдардын кайра жаралуусу болуп эсептелинбестен жаңы образдарды жана кыймылдарды түзүү болуп эсептелинген адамдын мындай ишмердүүлүгү жүрүм-турумдун чыгармачыл же комбинирленген түрүнө жатарын айтат. Мээ мурунку тажрыйбаларыбызды сактоочу жана кайра иштетүүчү орган гана болуп эсептелинбестен, ошондой эле мурунку тажрыйбанын элементтеринен жаңы жоболорду, жаңы жүрүм-турумду түзүүчү, чыгармачыл кайра иштетүүчү жана аралаш орган да болуп саналат. Эгерде адамдын ишмердүүлүгү бир гана эскини кайра жаратуу менен чектелсе, анда адам өткөнгө гана кайрылган жана келечекти өткөндүн аркасында кайра жаратуучу жан болуп кала бермекчи. Дал ушул чыгармачылык ишмердүүлүк адамды келечекке умтулган, аны түзүүчү жана өзүнүн бүгүнкүсүн өзгөртө алуучу жан катары көрсөтө алат.

П.Торренс креативдүүлүктү проблемага бар билимдердин дефицитине же дисгармониясына сезимдүүлүктү жаратуучу; бул проблемаларды аныктоочу; алардын чечилишин издөөчү; текшерүүчү; гипотезаларды кайра текшерүүчү жана өзгөртүүчү, акырында чечимдердин жыйынтыгын формулировкалоочу жана кабарлоочу процесс катары аныктайт. Креативдүүлүктү процесс катары кароо анын түзүлүшүн ачып көрсөтөт: бул процессти стимулдаштыруучу шарт, ошондой эле чыгармачылык жетишкендиктерди баалоо. Торренс тарабынан иштелип чыккан креативдүүлүктүн тесттеринде ишмердүүлүктүн ар түрдүү чөйрөсүндө алардын татаалдыгын чагылдырган чыгармачыл процессти оозеки, сүрөттөөчү, үндүү, кыймылдуу моделдери колдонулган. Тесттер креативдүүлүктү тездиктин, ийкемдүүлүктүн, оригиналдуулуктун жана иштелгендиктин көрсөткүчтөрүндө бааланат.

Изилдөөнүн ар кандай объектиси сыяктуу эле зээндүү балдардын да кемчилик жактары бар экендиги белгтлүү. Зээндүү балдардын негативдүү жактары болуп төмөндөгү инсандык сапаттар эсептелинет:

1. Эгоцентризм жана башка адамдын көз карашында болууга жөндөмсүз, айрыкча интеллектуалдык жактан алсыздыгы.
2. Эгер окуу программасы жадатма жана кызыксыз болсо мектепке көңүл коштук пайда болуусу.
3. Зээндүү бала интеллектуалдык сабактарды артык көргөндүктөн курдаштарынан дене тарбиялык жактан артта калуусу.
4. Проблеманын маңызын биринчи эле сөздөн кармагандыктан аңгемелешип жаткан адамдын оюн токтотууну каалоосу жана сүйлөшүү маданиятынын жоктугу.
5. Сүйлөшүп жаткан учурда аңгемелешип жаткан адамдын сөзүн, эгер ал логикалык ката кетирсе, же сөздөрдө басымды туура эмес коюп жатса оңдоого жана токтотууга умтулуусу.
6. Конформизмдин жоктугунан талашта дайыма туура болууга умтулуу жана компромисске баруу жөндөмдүүлүгүнүн болуусу.
7. Курдаштарын башкарууга умтулуусу – ансыз алар менен бирге болуудан зеригери.

Мына ушул анча деле жагымдуу эмес зээндүү баланын мүнөзүнүн белгилери – анын кадыр-баркынын уландысы болуп эсептелинет да, курдаштарынын кастыгын пайда кылышы мүмкүн жана өзүнөн аларды түртөт.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Торшина В.А. Соврем.исслед.проб.креатив зарубежной психологии. Вопросы психологии, 1998, №4
2. Выготский Л.С. Психол. основы творч.деятельности // Свободное развитие личности школника: Философские и психолого-педагогические основ.образ. / сост.В.И.Акмелова, Р.Ч.Карандашова.- Ставрополь: СКИПРО,2000.
3. Гилфорд Дж. Структурная модель интеллекта // Психология мышления. – М.: Прогресс,1965.
4. Линдсей Г. Творческое и критическое мышление / Г.Линдсей, К.С.Холл, Р.Ф.Томпсон // Хрестоматия по общей психологии: Психология мышления. – М., 1981.- С.149-152.




заверяю